Окуучулардын кайтарым байланышка чыгуусуна көзөмөл жасоо үчүн

сурамжылоо

**Максаты:** Окуучуларга сабакты кызыктуу,жеткиликтүү кылып өтүп,алардын кайтарым байланышка сөзсүз чыгуусун камсыздоо .

**Милдети:**

1.Окуучулардын кайтарым байланышка чыкпай калган себептерин аныктоо

2.Ата-энелердин балдарынына көзөлдөөсүн милдеттендирүү

3.Интернеттеги программаларды өздөштүргөндү үйрөтүү.

Окуучулардан сурамжылоого 74 окуучу катышты.

1. Сабак кызыктуу болуш үчүн сабактын кандай формада өтүүсүн каалайт элеңер? –деген сурамжылоого
   27 окуучу –бирдигим жок же мегабайтым жетпейт
   30 окуучу-онлайн окууга түшүнбөй жаттым
   10 окуучу- жалкоолонуп

   7 окуучу ата-энеме жардам берип бошобойм

Аралыктан окууга балдар даяр эмес болгондуктан 30 бала онлайн окууга түшүнбөстүгүн айткан.Чынында бала мугалимдин үнүн кайра-кайра угуп,дептерге көчүргөндөн,китепти кайра-кайра окуй бергенден да тажап кете тургандыгы маалым болду.

27 окуучу бирдик же мегабайт жетпейт дешкен.Ата-энелер менен байланышканда дээрлик бардыгы балдарга убагында эле бирдик салынып жатканын бирок балдар аны башка максатка колдонуп,оюндарды ойноп түгөтүп салып жатышканын айтышты.

10окуучу болсо жөн гана жалкоосу кармап,байлынышка чыкпай койгондорун мойнуна алышты.

7 окуучу болсо,күндүз кечке ата-энесине жардам берип бошобой калгандыгын мойнуна алышкан.
Жыйынтыктап айтсак аралыктан окутуу балдардын психологиясына абдан терс таасирин тийгизип,максат коюп, умтулуучулугун жокко чыгарат экен.Чыныда бул өсүп келе жаткан муун үчүн чон трагедия десем жаңылышпайм.

2.Сабак кызыктуу болуш үчүн сабактын кандай формада өтүүсүн каалайт элеңер?

Күнүмдүк тажатма сабактарды өтпөй,топтордо иштетсе,тапшырмалар көп берилсе-12

ЗУУМ программасы менен сабак өтүлсө-10

Окуучу өзү каалоосу керек?-17

Фактыларды сабакка көбүрөөк кошсо-4

Интерактивдүү ыкмаларды колдонсо-28

Бала мугалимдин өзүн көрбөй үнүн уга берип да сабакка болгон кызыгуусу жоголот окшойт.Техниканын жетишкен заманында көптөгөн ыкмаларды,программаларды колдонуп сабак өтсө болот экендигине ынындык.Бирок мугалим ушунча изденип сабакка даярданып өтсө да кайтарым байланышка аз гана окуучу чыккандыг көйгөй жаратат. Окуучуларга дагы ,алардын ата-энесине дагы түшүндүрүү иштери жеткиликтүү деңгээлде жүргүзүлүш керек деп ойлоп жатам.

3.Кайтарым байланышка чыгуу үчүн кайсы программалар жеңил жана жеткиликтүү?

ZOOM-16

WhatsApp-45

Бардыгы тең-20

Телеграмм -9

Сурамжылоону жыйынтыктай турган болсок биздин окуучулар дагы мугалимдер дагы онлайн окууга даяр эмес экендигин билинди Балдардын жана ата-энелердин дагы күн сайын интернет менен камсыздоого мүмкүнчүлүктөрү жок болуп,сабактар үзгүлтүккө учураган учурлар көп болду.Мугалим канчалык сабакка болгон мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп даярдаса деле балдардан кайтарым байланыш болбосо мугалимдин сабагы максатына жетпейт.

**ЧЕЧИМ:** Балдардын кайтарым байланышка чыгышына шарттарды түзүп берип,көзөлгө алуу боюнча ата-энелер менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүш керектиги класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

Эмне үчүн окуучулар кайтарым байланышка чыкпай коюшат?

1. Сабак кызыктуу болуш үчүн сабактын кандай формада өтүүсүн каалайт элеңер?
2. Кайтарым байланышка чыгуу үчүн кайсы программалар жеңил жана жеткиликтүү?